DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 9, 2019

## ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## ECOLOGICAL SCIENCES

*Мадиярова Ч.А., Тайирова Н.М., Тайиров М.М.*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «КЫЯМАТ» РОМАНЫНДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРДҮН БЕРИЛИШИ

*Мадиярова Ч.А., Тайирова Н.М., Тайиров М.М.*

# ОПИСАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ В РОМАНЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «ПЛАХА»

*Ch.A. Madiyarova, N.M. Taiirova, M.M. Taiirov*

# THE ECOLOGICAL PROBLEMS IN THE CHINGYS AITMATOV'S NOVEL OF «THE SCAFFOLD » (PLAHA)

*УДК: 519.61/894.341*

*Адамзаттын жашоосуна түздөн-түз же кыйыр таасир этүүчү экологиялык факторлор болуп күндүн энергиясы, нымдуулук, жылуулук, абанын басымы, радиактивдүү нурдануу, суунун химиялык составы ж.б. эсептелет. Абанын, топурактын, суунун, экосистемаларынын булгануусунан онкологиялык, жүрөк-кан тамыр, эндокриндик оруулар ппайда болууда. Күнүмдүк турмушта пайдалануучу моможемиштер, эт-сүт азыктары түрдүү дары-дармектерди колдонуу менен өндүрүлүп, завод-фабрикалардан, автотранспорттордон чыккан түтүндордон кислоталык жаандар пайда болуп адамдарды аллергиялык тери орууларына, тукумсуздука алып келүүдө. Ч.Айтматов "Кыямат" романында экологиялык койгойлор болгон жаратылыш менен адамдын ортосундагы мамилени, жайыттардын тынымсыз жакырдануусун, табигый байлыктарды сарамжалсыз пайдаланып жаткандыгын, кендерди казуу учурунда тирүү организмдерге жаратылышка тийгизген терс таасирин, жаныбарлардын өсүмдүктөрдүн санынын азайуусун, ошондой эле адам экологиясынын негизги маселеси болгон ичкилик ичүү, бангизаттарды пайдалануун натыйжасы келечек муундун генофондунун бузулуп жаткандыгын жеткиликтүү тилде даана көрсөтө алган. Ошондуктан бул экологиялык көйгөйлөрдү изилдеп үйрөнүү аркылуу жаш муундарыбызды жаратылышыбыздын сулуулугун сезүүгө, коргоого жана экологиялык маданиятка тарбиялоого болот.*

***Негизги сөздөр:*** *экология, экосистема, жаратылыш, адам, өсүмдүктөр, жайыттар, жаныбарлар, бөкөндөр, бөрүлөр, бөлтүрүк, ичкилик, бангизаттар, каракуурай, көп түрдүүлүк.*

*Прямое или косвенно влияющие экологическими факторами на жизнедеятельности являются: солнечные энергии, влажность, тепла, давление воздуха, радиационное излучение, химический состав воды и др. Загрязнение экосистемы воздуха, почвы, воды приводит к возникновению онкологических, сердечно-сосудистых, эндокринологических заболеваний. Повседневно потребляемых овощей, фруктов и мясомолочных продукций выращиваются и производиться с использованием минеральных удобрений и ветеринарных лекарств, а также кислотные дожди возникающее в результате выброса дымов завод-фабрик и автотранспортных средств приводит человечеству к аллергическим, кожным заболеваниям и без наследствию. Ч.Айтматов в романе "Плаха" на доступном языке и четко описывал экологические проблемы современного мира т.е. отношение человека с природой, ухудшение пастбищ, нерациального использования природных ресурсов, отрицательное влияние разработки и получения руды на живые организмы и природы окружающей среды, уменьшение количество живых организмов и растений, а так же автор романа обращает внимание на основной вопрос экологии человека – пьянство, использование наркотических веществ приводящий к нарушению генофонда будущего поколения. Поэтому изучив экологических проблем современного мира и рекомендовав пути их решения мы можем воспитывать будущих поколений любить и защищать красоту нашей природы и экологической культуре.*

***Ключевые слова:*** *экология, экосистема, природа, человек, растения, пастбищ, животные, сайгак, волки, волчата, пьянство, наркотические вещества, конопля, многообразие.*

*Directly and indirectly affecting by environmental issues is: sun's energy, moisture, air pressure, radiation, water chemistry and other. Pollution of the ecosystem of air, soil, water leads to the oncological, cardio-vascular and endocrinological diseases. Vegetables and fruits consumed daily and meat and dairy products are grown and produced using mineral fertilizers and veterinary medicines as well as acid rain resulting from the fumes from factory-factories and automobile vehicles leads to*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*human allergies , skin diseases and without inheritance. In the novel Ch. Aitmatov "Scaffold" in an accessible language and clearly described the environmental problems of the modern world, that is, the relationship of man with nature, the degradation of pastures, the irrational use of natural resouurces , the negative impact of the development and production of ore on the living organisms and the nature of the environment, reduction in the number of living organisms and plants, as well as the author of the novel draws attention to the main issue of human ecology-drunkenness, the use of narcotic substances leading to disruption of genepool the future generation. Therefore, having studied the ecology of the modern world and recommended solution, we can educate future generations to love and protect the beauty of our nature and ecogical culture.*

***Key words:*** *ecology, ecosystem, nature, person (man), plants, pastures, animals, caygak, wolves, cubs, drunkenness, narcotic, substance, variety.*

Азыркы мезгилде адамзат менен жаратылыштын ортосундагы мамиле улам курчуп, татаалдашып бара жаткандыктан экологиялык маселелерге атайын адистер гана эмес, дүйнө жүзүндөгү жалпы коомчулуктун көңүлү бурулууда. Экология илиминин башталышы жана катталышы Аристотель, Эмпедокль, Теофраст менен байланыштуу болуп, ал эми Э. Геккель тирүү организмдердин бири-бирине болгон мамилелерин жана алардын сырткы чөйрө менен байланыштарын изилдеген илим катары аныктама берген [1].

Учурда жаратылыш ресурстарынын азайып жатышы, өнөр жайлардын иштеп чыгарган калдыктары жана ар кандай канцерогендик, мутагендик химиялык заттар менен айлана-чөйрөнүн булганышы, табигый экосистемалардагы тең салмактуулуктун бузулушу, стратосферадагы озон катмарынын жукарышы, жер-жерлердеги табигый кырсыктардын күчөшү, аба-ырайынын кескин өзгөрүшү, илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өсүшү табиятка терс таасир этип, экологиялык көйгөйлөрдү жаратып, жалпы адамзатка коркунуч туудурууда [2,3].

Экологиялык билим берүүдө особдук, популяциялык жана биоценоздук деңгээлдерге бөлүп, тирүү организмдерге абиотикалык жана биотикалык факторлордун таасирин, структурасын, ошондой эле алар аркылуу энергия менен биогендик элементтердин жылышын ж.б. функцияларын карайт.

Ал эми экологиялык факторлор тирүү организмдердин жашоосуна түздөн-түз же кыйыр таасир этет. Абиотикалык факторлор болгон жансыз жаратылыштын компоненттери катары: күндүн энергиясы, нымдуулук, жылуулук, абанын басымы, радиактивдүү нурдануу, суунун химиялык, иондук составы, агымы жана башкалар эсептелет. Жердин рельефине тирүү организдер ыңгайланышып алар жашай же жашай албай турган чек арасынан чыдамдуулук чеги келип чыгат. Ал эми тирүү организмдердин бири-бирине тийгизген таасиринен биотикалык факторлор пайда болуп, атаандаштыктын түрлөрүндө б.а. популяцияда жана биоценоздо мааниси чоң.

Адам баласы ар кандай технологиялык, экономикалык, чарбалык аракеттерди жүргүзүү менен жандуу жана жансыз компоненттерге оң жана терс таасир этип турат. Натыйжада, атмосфералык абанын, топурактын, суунун экосистемаларынын булгануусунан онкологиялык, жүрөк-кан тамыр, эндокриндик ооруулардын пайда болуусуна жана түйүлдүктөрдүн аномалиясына алып келет. Күнүмдүк турмушта пайдаланылуучу мөмө-жемиштер дары-дармектердин таасири менен өстүрүлүп, завод фабрикалардан автотранспорттордон чыккан түтүндөрдөн кислоталык жаандар пайда болуп, адамдарды аллергиялык, тери ооруларына, тукумсуздукка алып келүүдө.

Тирүү организмдер озүнүн эволюциялык өрчүүсүндө сууну, кургак абаны жана жашоо чөйрөсүнү өздөштүрүп келүүдө. Ар бир чөйрөгө ыңгайланышып жашоо менен тирүү организмдер продуценттик (пайда кылуучулар), консументтик (керектөөчүлөр), редуценттик (ажыраткычтар) кызматтарды аткарышат.

Биосферадагы экологиялык көйгөйлөрдөн улам, өтүлүүчү дисциплинаны биоэкология, жердин геосфералары менен жер бетиндеги экосистемалар, адам жана жаратылыш сыяктуу бөлүмдөргө бөлүп окутуу максатка ылайыктуу. Ал эми адам жана жаратылыш бөлүгү бир нече тармактарды камтыйт. Мисалы:

- Шаар экологиясы жандуу организмдердин шаар шартына байланыштуу кандайча өзгөрүп жана туруктташаарын изилдейт.
- Айыл чарба экологиясы бул талаалар менен шалбааларда, ошондой эле куноскaналарда өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрүн карайт.
- Өндүрүштүк экология өндүрүштүк иш аракеттердин жаратылыш чөйрөсүнө, ошондой эле адам жашоосуна тийгизген таасирин изилдейт.
- Рекреациялык экология адам менен жаратылыштын өз ара бири-бирине тийгизген таасирлерин, эс алуу жайлардын экологиясын карайт.
- Медициналык экология – адам жашоосуна айлана-чөйрөнүн жагымсыз көрүнүштөрүнүн, адамдын ден-соолугуна тийгизген таасирлери менен тамеки тартуу, алкоголизм, ченемсиз ызы чуу аркылуу чалдыккан дарттарын изилдейт.
- Экономикалык экология ал жаратылышты ыраатттуу пайдалануу жана экологиялык пландаштыруу жана башкаларга бөлүнөт.

В.И. Вернадский адам баласынын жүргүзгөн тиричилик аракети күчтүү геологиялык күчкө ээ болгондугуна байланыштуу, келечекте алар жашаган коом менен жаратылыштын ортосундагы гармониялык байланыш калыптанып карама-каршылык аз

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



болуп, жаңы система – ноосфера пайда болот деген [4]. Бирок, жер планетасындагы биосферанын – ноосферанын пайда болуп калыптанышына жана өнүгүшүнө бир канча коомдук өбөлгөлөр таасир этет. Атап айтсак, ядролук, термоядролук, биологиялык куралдарды көбөйтүүнү токтотуу, экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө эл аралык, улуттар аралык келишимдерди түзүү, илимий методдор менен куралдануу болуп эсептелет. Азыркы учурда экологиялык проблемаларды табият таануу, гуманитардык-юридикалык жана коомдук-саясий илимдеринин тыгыз байланышында гана чечүүгө болот.

2007-жылы Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун концепциясы жөнүндө президенттин указы чыккан. Анын негизинде айлана-чөйрөнү, жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо, калктын радиациялык коопсуздугу, корголуучу аймактар тууралуу мыйзамдар чыгарылган. Бирок ага карабастан республикада экологиялык көйгөйлөр күн сайын күч алууда. Азыркы мезгилдеги экологиялык көйгөйлөрдүн келип чыгуусунун себептерин жана андан арылуунун жолдорун А.М.Мамытовдун, А.Т. Токтосуновдун, К.К. Касиевдин, А.М. Мурсалиевдин, Б.А. Токторалиевдин, М.Ж. Чоровдун, А.Байбосуновдун, С. Кадыркулованын, Б.К. Кулназаровдун эмгектеринен көрүүгө болот, мисалы [2,3].

Биздин замандын XI кылымында бабабыз Ж.Баласагын жазган «Куттуу билим» дастанында экологиялык койгойлордун пайда болушу жана аларды алдын алуу зарылдыгы чагылдырылган [5].

Байыртадан кыргыз эли сөз баккан, көркөм сөздү кастарлаган эл эмеспи, ошондуктан акындар, жазуучулар чыгармалары аркылуу келечек муундарды жаратылышты сүйүүгө, табият менен таттуу мамиледе болууга, эстетикалык сулуулукка, адамдын жан дүйнөсүн байытып, тарбиялап келишкен.

Кыргыз адабиятынын алкагында эле эмес, философиялык көз караштарын, адамзат коомунун көйгөйлөрүн алдын-ала сезе билүүсү менен таң калтырган, заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматов, дүйнө элдеринин улуу-кичүүлөрү менен баарлашып, кыргыздардын даанышман эл экендигин чыгармалары аркылуу дүйнөлүк коомчулукка жеткире алды. Улуу жазуучу «Кыямат» романында кыргыз табиятынын кооздугун, Ысык-Көлдүн тунуктугун, кайталангыстыгын сүрөттөө менен, жаратылыш менен адамдын ортосундагы мамилени, жайыттардын жакырданууусун, табигый ресурстарды сарамжалсыз пайдаланылып жаткандыгын, кендерди казуунун тирүү организмдерге, табиятка тийгизген терс таасирин, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн санынын азайуусун, ошондой эле адам экологиясынын маселеси болгон ичкилик ичүү, баңги заттарды пайдалануудан келечектеги муундун генофондунун бузулуп жаткандыгын көрсөтө алган [6].

Адамдын эле жан дүйнөсүн түшүнбөстөн, жаныбарлардын ички туюмун кеменгерлик менен сүрөттөгөн улуу жазуучу Ч.Айтматов «Кыямат» романында жырткыч карышкырларга ат берип, алардагы куса болуу, балдары үчүн кам көрүү, коргоо, энелик ыйык сезимдери аркылуу адамдын кыймыл-аракетине карама-каршы коюу менен, окурмандарга жамандык менен жакшылыкты ажыратууга мажбур кылат.

Биосферадагы тирүү организмдердин көп түрдүүлүгүнүн азайышы, экологиялык проблемалардын ичинен эң коркунучтуусу болуп эсептелет. Себеби, биосферанын пайда болушунда жана андан ары калыптанып эволюциялык жактан өрчүүсүндө өсүмдүктөр, жаныбарлар, микроорганизмдер эң негизги функцияны аткарышат. Ошондуктан, азыркы учурда эл аралык, Кыргызстандын кызыл китебине биокөптүрдүүлүктү сактоо максатында тирүү организмдер киргизилип, коруктар жана улуттук парктар табигый системаларды, тирүү организмдерди коргоо үчүн уюштурулууда.

1. Ч.Айтматов жаныбарлардын санынын азайып жаткандыгына, адамзаттын жырткычтык менен жүргүзгөн иш-аракетинин таасир этүүсүнө төмөнкүдөй токтолот:

«Эзелтен ит-кушка жем болуп буюрган бөкөндөр, эми эт төгүү планын аткарууга керек болуп калганын бөрүлөр кайдан туйсун. Чүмбөтү ачык «Уазик» минген аткычтар бөкөндөрдү андан ары кубалай артынан сая түштү да, автоматтарынан ок жаадырып, огородунан чөп чапкан сыңары мээлебей-этпей эле кыра башташты. Кузовдордо бөкөндөрдүн өлүктөрү дөбөлөнүп чыкты. Бөкөндөрдүн акыр кыяматы мына ушунда башталды… Ошентип, Акбаранын жакшы көргөн үч бөлтүрүгү да бул кыргында жок болду» [6].

Романдагы төмөнкү текстине көнүл бөлсөк: «... Күн өткөн сайын жайыттардын жайы жаман болуп баратат. Мына бул жерде директор отурат, совхозго жаңы келгенинде белден буралган чөп бар эле, жайыттарды карасаң көз тойоор эле, жер кандай күр эле! Азыр карагылачы! Кай жакты карасан чаң учкан как жер, чөптүн ар бир талын көрүп отурабыз: Мунун баарынын себеби эмнеде? Жайыттын чама-чаркы белгилүү сандагы койго ылайык бөлмө, биз андан 10 эсе көп койду жайып жатабыз: жер туякка тепселип чаңы чыгып бүттү!» [6].

Бул деген, түздөн-түз жайыттардын деградациясын, жердин эрозиясын, биокөптүрдүүлүктүн санынын азайышын, жайыт экосистемасынын бузулуусун түшүндүрөт. Жайыттарды туура эмес, баш аламандыкта пайдалануунун натыйжасында жайыттар жакырданып, такырга айланып, чаңы чыгып, пайдалангыс түргө өтүүдө.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2. Илимий техникалык прогресстин жүрүшү менен антропогендик факторлордун тийгизген таасиринен локалдык, глобалдык, регионалдык экологиялык маселелердин курчуп жаткандыгына токтолуп, сейрек кездешүүчү кен байлыктарды казуу менен радиоактивдүү заттардын ачылып жаткандыгына, калдыктардын залалсыздандыруу жолдорунун жакшы эместигине, чөлдү өрттөө менен үйүбүздү өрттөп жатканыбызга, тирүү организмдер ортосунда жашоо үчүн күрөш жүрүп жатканына токтолуп, Ч.Айтматов өз чыгармасында төмөнкүдөй сүрөттөйт:

«Учу-кыйыры жок көрүнгөн бадалдуу чыбыр, эрме чөл Моюнкум географиялык картада сары-күрөң түскө боёлгон бармак басым гана жер экенин макулуктар туйбады. Жылдан-жылга дың жерлер кыйыры кеңейе жыртылып, Моюнкумду туш-туштан кысып, жылдан-жылга бакма мал көбөйүп, жайыт издеп, жаңы казылган кудуктардын артынан кошо ээрчип, Моюнкумду бардык жактан басып келатты. Каналдар казылып, жолдор салынып, Моюнкумдун капталына дүйнөдөгү ири газ түтүгү төшөлүп, адамдар илгеркидей келди-кетти конок болбой, техника менен аябай куралданып, жаңы ээлеген жерлерине күнүмдүк эмес, түбөлүктүү отурук-жай куруп, Моюнкумду ээлеп келатты. Бөрүлөрдүн Алдаш камышынын арасында беш бөлтүрүктүү болуп, алары чоңоюп келе жатканда жаңы ачылган тоо кен жайына жол салуу үчүн камышты өрттөп салышат» [6].

Ушуну менен катар чыгарманын автору озунун оюн томонкудой улантат «Жол эки бийик чокунун ортосундагы кар баскан кайкы белди ашып кетчү түрү бар. Ошо кайкы белди ашкандан кийин жол Ала-Мөңгүнүн аркы капталы аркылуу төмөн кетет болушу керек, шаркырап аккан суусу бар, кайыңдуу жайлоо Кичибел мына ушул жерде. Жаратылыш өзүнүн татынакай кооз жерлерин кээде оңой менен адам жетпей турган ыраакы бир бурчтарына катып салат. Бирок тиричиликтин муктаждыгы талап кылган кезде адам жетпей турган жерге да жетет – жер үстүндө жашоонун мыйзамы ушундай…» [6].

Ч.Айтматов бул чыгармада бостон менен Эрназардын малдарга жайыт катары жайлоону пайдаланууга аракет жасагандыгын, бирок табият кооз жерлерин жашыруу менен коргогондугун көрсөтүү жана Эрназардын аскадан кулап өлүмгө учурагандыгы аркылуу табияттын өзгөчө аймактарын сактоо зарылдыгын көрсөтөт.

3. Азыркы учурда баңги заттарды пайдаланган жаштарыбызга жардам берүү керек экендигин, кайдигерлик сапаттарыбызды жоюп, куралсыз жоону алдын-алуу үчүн, тарбиялоо зарыл экендигине жазуучу жан күйдүрөт. Ч.Айтматов адам баласынын этиологиясы аныкталбаган ар кандай оорулар менен ооруп жаткандыгын, баңги заттардын терс таасирин билбей туруп, апийимди пайдалануу менен ар кандай жаштагы адамдардын өлүмгө учурап жаткандыгына төмөнкүдөй токтолот:

«Вокзалдын имаратына жеткенде Үтүк кол арабасын ээн бир бурчка бурду, мен эки жагымды карап алып, Пашанын досунун атынан салам айттым.

- Морж өзү кайда? - деди Үтүк.

- Ал өлөр күнүн санап калды. Ашказандагы жараты ырбап кетиптир,- дедим.

- Ал айбан экстраны шимип кайра тарта албай калган. Ушуну көрмөк. Мен түсүмөн кейимиш болуп турдум, бирок ачыгын айтканда, экстрасы эмнеси, аракпы, же дагы бир балээсиби, билбедим. Кийин билсем, кара куурайдын чаңы чогултулган, балдардын пластилинге окшогон мыжыкма затты айтат экен. Ошол мыжыгып алган апийимдей күчү бар неме эң баалуу баңги зат» [6].

Ч.Айтматов «Кыямат» романында кичинекей эпизод менен адамдын жырткычтардан өткөн жырткыч экендигин сүрөттөп берет. Романдагы башкы карман Авдий Калистратов баңгилердин турмушун өз көзү менен көрүп, ал боюнча облустук бир гезитке материал даярдап, баңгилик деген илдет менен күрөшүүнү чечет.

«Кара куурайды аралап чуркап баратып, карышкырдын бөлтүрүктөрүн көрөт. Жан дүйнөсү таза Авдий алар менен жаш баладай ойноп отурганда, Акбара менен Ташчайнар келип калат. Ташчайнар атырылып Авдийди жара тартууга секирет, көз ирмемде бөлтүрүктөрүнө бейкүнөө ушу адам зыян келтирбегенин, тескерисинче, аларга мээрим төккөнүн сезе койгон Акбара жолун тороп, омуроосу менен Ташчайнарды жыга уруп, Авдийди ажалдан сактап калат. Жырткыч карышкырдан аман калган Авдий акыры адамдын колунан өлүмүн табат» [6]. Карап көрсөк, ушул эпизоддо эле өтө көптөгөн сырлар жатат. Адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиленин бузулуп жаткандыгы, адамга-адам, жыртычка-адам кас болгон мамилени көрүүгө болот.

«Акбара бир күнү таң эрте бөлтүрүктөрүн чабытка машыктыруу үчүн ошол тарапка ээрчитип жөнөдү. Чаңы бырыксып күбүлгөн алиги кара куурайды көбүрөөк аралап жүрсөң, оболу жер бетинде жортпой эле сызып бараткандай, дене-боюң каалгыгандай жеңилдик сезесиң да, анан муун-жүүнүң бошоп алсырап, талмоорсуй баштайсын. Акбара бул жерди күчүк кезинен билет, алиги баңги кылуучу куурай гүлдөгөн маалда бир келип кетчү. Жолду катар чөлдүн майда макулуктарына чабыт куруп, анан бу бийик өскөн куурайларды аралап, кыял мас болгонду, буруксуган жытына башы айланып, оонап жатканды, жортпой эле сызып жүргөндөй жеңилдикти сезип, аягында катуу уктап алганды жакшы көрчү» [6].

Жогоруда айтылгандай, адамдан айырмаланып,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



пайдаланбастан жөн гана аралап жүргөн бөрүлөргө да кара куурайдын таасир этип, денесиндеги өзгөрүүлөрдүн болуп жаткандыгын көрсөтүүгө аракеттенет. Ал эми адам баласы кара куурайды экономикалык жактан пайдаланам, ырахат аламын деп, ден соолугун, генофондун бузуп жаткандыгын көрсөткүсү келген.

4. «Базарбай күртүлдөтө сулу жебаткан аттын тумшугунан куржунду жулуп алды да, сулусун жерге шарт төгүп жиберип, эки көзүнө экиден бөлтүрүктү сала койду. Ээрге отуруп алганда гана барып, чала ичилген бөтөлкө ташта сүйөнгөн боюнча калганын эстеди. Бул бөлтүрүктөрдөн түшкөн акчага андай бөтөлкөнүн ону эмес, жыйырмасы келбейби…» [6], деген оюу аркылуу, Ч.Айтматов ичкиликтин адамдын аң сезимин өзгөртүүчү, ар кандай коркунучтан да коркпой бара турган, социалдык маселелерди жарата турган курал экендигин көрсөттү. Адам баласы ичимдикти пайдалануу менен адеп-ахлак эрежелерин сактабастыгын, тукум куучулук белгилердин муундан-муунга өтүүсүндө, мутациялардын пайда болуусун айткысы келген.

«Базарбай бөлтүрүктөрдү куржунга салып, бөрүлөрдөн араң качып келгенде аны:

- О, койчу! Баракелде-оой! Мына олжо деп ушуну айт! Үңкүрдүн өзүнөн алдыңбы! Дагы ырысың бар экен, аман-эсен качып келген…. Базарбайды болсо тим эле үйгө баатырды коштогондой коштоп киришти…» [6]. Бул жерде жазуучу элдин экологиялык билиминин тайкы экендигине токтолот. Ошондой эле, экологиялык тарбия берүү үй-бүлөдөн башталаарына, балдар бакчаларында, билим берүүчү мекемелерде үйрөтүү зарыл экендигин даана көрсөтөт.

5. Ч.Айтматов дүйнө элдерин биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо, баңгилик сыяктуу көйгөйлөрдөн алдын алууга чакырат. Себеби, ал романдын башында жаратылыштын сулуулугуна, бейпилдигине жана андагы жаныбарлар табигый мыйзам ченемдүүлүккө ылайык жашап жаткандыгына токтолуп, аны күрүлдөгөн вертолеттун үнү бузуп, көчкүнүн түшүп баштаганынан өмүрү куугун менен сүргүндө өтүп жаткан бөрүлөрдүн каны менен курсагындагы балага да коркунуч өткөндүгүн көрсөтүп, адам жаныбарларды кырууда курал-жаракты пайдалануусун, аттын ордуна машина менен жүрүп калгандыгын, илимий техникалык прогресс катары эсептеп, экологиялык көйгөйлөрдүн башаты экендигин көрсөтөт. Ал эми экологиялык тарбия берүү дүйнөлүк деңгээлде зарыл экендигине, экологиялык маселелер чек арага, улутка карабастан пайда болуп, адамзаттын өлүп кырылуусу менен коштолоорун эскертет.

Жаратылышты коргоо, ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жана жаратылыш менен тыгыз гармоникалык байланышта жашоо үчүн, ар бир атуул адистигине карабастан, белгилүү деңгээлде экологиялык жактан билимдүү, маданияттуу болуусу зарыл экендигин, ошондо гана экологиялык жактан билимдүү, маданияттуу жарандарга ээ болгон улут же мамлекет таза сапаттык генофонддорго ээ болот жана жаратылыш ресурстары менен камсыз болуп, алар жашап жаткан коомдук системанын саясий-социалдык жактан өсүп өнүгө ала тургандыгы көрүнүп турат.

Ч.Айтматов «Кыяматта» ак жал бөрү Акбара Бостондун кичинекей Кенжешин кантип көтөрө качканын, аптыккан чабан бөрүнү сулатам деп, өз баласын атып алганын, андан соң бардык балакеттерди баштаган Базарбай наалатыны өлтүргөнүн тек курч сюжетке окурмандарды кызыктырыш үчүн жазган жери жок. Окуялардын ички философиялык данеги - адамзатты эскертүү. Өз абалына жана миссиясына манчыркап, техниканын кудуретине сыйынып, падышамын деп тааныган өзүмчүл адамзатка коюлган айып, кеч боло элегинде пейил түзөшүн талап кылуу. Антпесе бүгүнкү инсаният жаратылыштын бир күнү адамдын өмүрү менен өч алуусуна туш болуп, эртең өз тамырын өзү кыркып, кыяматты өзү тилеп алат.

Дүйнөнүн улуу жазуучусу Ч.Айтматовдун «Кыямат» романынын табият таануу багытындагы дисциплиналарды, айрыкча орто мектепте өтүлүүчү «Мекен таануу», «Табият таануу», «Жалпы биология» предметтеринде, жогорку жана орто кесиптик окуу жайларда «Экологиянын негиздери» дисциплинасынын чөйрөнүн факторлору, адам экологиясынын маселелери, экологиялык проблемалар, экосистема, биосфера темаларын окутууда пайдалануу туура жана зарыл деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Геккель Э. Всеобщая морфология организмов. - М., 1980. - Т.2. - 336 с.
2. Кулназаров Б. «Жалпы экология». - Б., 1999. - 362-б.
3. Мурсалиев А., Чоров М., Усенгазиева Г., Мурсалиев М. «Экологиянын фундаменталдык негиздери». - Б., 2014. - 206-б.
4. Вернадский В. Научная мысль как планетное явление. - М.: Наука, 1991. - 271 с.
5. Абдибайитова А., Тайиров М. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасындагы экологиялык көйгөйлөр. / Известие вузов Кыргызстана, №3. - Бишкек, 2017. - 83-85-бб.
6. Айтматов Ч. «Кыямат». - Бишкек, 2014. - 492-б.